Идеал женской красоты – величественность, парадность, жеманство. Женская фигура характеризуется высоким ростом, «лебединой шеей, покатыми, откинутыми назад плечами, узкой талией, пышными бедрами.

В XVII в. Производство тканей начинает приобретать промышленный характер. Возрастает их разнообразие по волокнистому составу, методам отделки, фактуре, орнаментации.

Высокий расцвет переживает шелковое и шерстяное ткачество во Франции и Италии, производство набивных тканей в Англии, Голландии, Германии, Швейцарии. Наряду с использованием ярких, светлых, чистых тонов возникает интерес к нежным полутонам и ароматическим цветам – серому, белому, черному, которые подчеркивались цветовым контрастом в ансамбле.

В отделке ткани большую роль играет  золотая и серебряная нить, эффект шан-жан.Обилие тканей, кружев, лент и других отделок говорит о значительном преобладании декоративного решения костюма над конструктивным. Сложный крой с обилием вертикальных разрезных линий, создающих прилегающий силуэт изделия, характерен для костюма XVIIв. Основной ассортимент мужской одежды можно считать установившимися ещё с XVII в.

В переменах художественного стиля нет границ. Многообразие конструктивных решений в новых и обновленных старых стилей в одежде, применение различных тканей и их сочетания всегда будут иметь свое продолжение. На всех этапах развития общества исторический костюм является неисчерпаемым источником творчества дизайнеров одежды.

**Список использованной литературы:**

1. Горин А.В.Моделирование формы одежды  М.1982
2. Каминская Н.М. История костюма. Изд.Индустрия 1977
3. Готтенрот Ф. История внешней культуры С.Петербург-Москва. Издательство товарищества М.О. Вольф 1885
4. Мерцалова М.Н. Из истории кроя. Журнал мод. 1967
5. МерцаловаМ.Н.  История костюма М.1972
6. Соколова Т.М.  Орнамент почерк эпохи Л. 1972
7. Захаржевская Р.В. История костюма. М. РИПОЛ классик 2005-288 е

**Рецензент: к.п.н., профессор Токсомбаева Э.Т.**

УДК 37.01(575.2)

**Турпанова Ж. А.**
педагогика илимдеринин кандидаты, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнин доценттин милдетин аткаруучу

## КӨЧМӨН КЫРГЫЗ ТУРМУШУНУН «ЖАҢЫЛ  МЫРЗА» ДРАМАСЫНЫН ҮЛГҮСҮНДӨ

*Окуучуларга көчмөн кыргыз турмушун «Жаңыл Мырза» драмалык чыгармасынын негизинде окутуу. Драманын өзгөчөлүгүн аныктоо, жанрдык аспектте драманы талдоого үйрөтүү. Интерактивдүү методду пайдалануу менен окуучунун ар тараптуу ой жүгүртө*

*билүүсүн, ойлорун аргументтештирип, далилдүү айтып берүүгө, өз пикирин далилдөөгө, драмалык чыгармаларга тарыхый көз караштан баа берүүгө үйрөтүү.*

**Өзөктүү сөздөр:** *методологиялык принцип, кыргыз адабиятын окутуу, жанр, интерактивдүү метод, драмалык чыгармага сынчыл ойлом, аргументтештирүү, пьеса.*

**Турпанова Ж. А.**
к.п.н., и.о. доцента КЭУ им. М.Рыскулбекова

## ЖИЗНЬ КЫРГЫЗСКИХ КОЧЕВНИКОВ НА ПРИМЕРЕ ДРАМЫ “ЖАНЫЛ МЫРЗА”

*Изучение кочевой жизни кыргызов на примере драмы «Жаңыл Мырза». Определение специфики драмы, обучение к анализу в жанровом аспекте. Использование интерактивных методов поможет школьникам разносторонне мыслить а также передавать свои мысли аргументированно. Научить школьников в историческом аспекте изучать драматические произведения.*

**Ключевые слова:** *методологические принципы, обучение кыргызской литературы, жанр, интерактивный метод, анализ драматических произведений, аргументы, пьеса.*

**J.A. Turpanova**
Ph.D., acting. Associate Professor of KEU. M.Ryskulbekova

## THE NOMADIC LIFE OF THE KYRGYZ PEOPLE IN THE DRAMA "JANIL MYRZA "

*The study of the nomadic life of the Kyrgyz people in the drama "Janil Myrza". Defining the specificity of the drama and teaching the analysis of the aspect of the genre. The use of the interactive methods will help schoolchildren to diverse thinking skills and convey their own thoughts argumentatively. To teach the students examining the dramatic works from historical perspective.*

**Key Words**: *Methodological principles, Kyrgyz Literature teaching methods, genre, interactive teaching, analysis of the dramatic works, argumentation, play.*

«Жаңыл Мырза» драмасы элдик эпостон алынгандыктан, анда көчмөн элге таандык каада-салттар, сюжеттер, мотивдер чагылдырылып, кыргыз тилинин улуттук бай көрөңгөсү сакталган. Тарыхый драмалык чыгармаларга анализ жүргүзүүнү тарыхый принципте кароо туура. Себеби, тарыхый драмаларды окуганда, окутканда ошол сүрөттөлүп жаткан доордун чындыгы менен драма талданышы зарыл. Мисалы, «Жаңыл Мырза» драмасын тарыхый доорду эске албай талдаган болсок, бул эмне деген мыкаачылык? Өзү кыз болсо, сүйгөн адамын эмнеге өлтүрдү? Эмнеге Түлкү баатырды эле өлтүрбөй, башка баатырларды кошо атып салды? деген суроолорду, ошого ылайык жоопторду угушубуз мүмкүн эле. Бизге чейинки болгон окуя тарых, андыктан биз, тарых аныктаган, тарых жалпылаган, тарых алып чыккан маселелерге, ошол доордун алкагында гана баа берилишин эсибизден чыгарбообуз керек жана бул тууралуу окуучуларга түшүндүрүшүбүз зарыл.

«Жаңыл Мырза» драмасы жалпы билим берүүчү орто мектептердин 9-классынын кыргыз адабияты сабагында окутулат. Улуу Ата Мекендик согуш жылдары тарыхый темаларга, патриоттуулук салттарга кайрылуу кеңири орун алган. Кыргыз элинин өткөндөгү

баатырларын даңазалоого арналган «Курманбек», «Жаңыл мырза», «Саринжи-Бөкөй» эпосторуна драматургдар кайрадан кайрылып, элдик баатырлардын эрдиги өлбөйт-өчпөйт деген ураан астында драмалык нукка салышкан, К.Жантөшев «Курманбек», К.Эшмамбетов «Саринжи», А.Куттубаев менен К.Маликовдор «Жаңыл Мырза», О.Сарбагышев «Көкүл» драмалары согуш жылдарынын репертуарынан бекем орун алган. А.Токомбаевдин «Ант», К.Жантөшевдин «Ким кантти», Р.Шүкүрбековдун «Өч» драмалары да ошол мезгилдин бир кыйла көрүнүктүү спектаклдеринин катарына кошулушат. К.Маликов жана А. Куттубаевдер биргелешип, элдик эпосту сахнага коюуга ылайыктап «Жаңыл Мырза» драмасын жазышкан. Драмалык чыгармалар 1942-жылдан баштап, театр сахнасында коюлган.

Драмалык чыгармаларды окуучу канткенде жакшы кабыл алат деген суроого албетте, театрдан көргөндө деп айтышат. Бул абдан туура, анткени, окуучулардын көрүп-угуп кабыл алуусуна өзгөчө таасирди театрдагы декорациялардын алмашуусу, актерлордун чеберчилиги, алардын монолог аткаруусу, сүйлөө кеби, деги эле сахнадагы кыймылы, тарыхый доорго ылайык кийими, жаңсоо-кыймылдары, балким, кээде биз китепти окуп жатканда анча маани бербеген тынымдар да башкача бир сезимдерди жаратышы толук мүмкүн. Мына ошол сахнада өмүр сүргөн чыгарманы класс бөлмөсүнө кантип чыпчыргасын коротпой алып келсек болот деген ой менен төмөнкү методдорду карап көрүүгө сунуш кылабыз.

Доскага эпиграф жазылат:

**Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт.**

*Кыргыз элинин макалы*

Бул макалды ким кандай түшүнөрүн окуучулардан сурайбыз. Ар бир түшүнүккө ар түрдүү жоопторду уккандан кийин: Жаңыл, Түлкү, Үчүкө деген аттарды уктуңар беле? деген суроону беребиз. Жогоруда айтылгандай, балдар эпосту окушу же угушу, же спектаклди көрүшү мүмкүн (окуучуларды кызыктыргандай проблемалуу суроолорду берүү аркылуу сабагыбызды улантабыз.)

1-суроо: «Жаңыл Мырза» драмасындагы окуялар эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?
Суроого жооптордун варианттарын уккандан кийин «Жаңыл Мырза» драмасынын
1-көшөгөсүнөн үзүндүнү слайддан көрсөтөбүз, дисктерге жазылган спектаклден үзүндү көрсөтүү да таасирдүү болот (эгер техникалык жабдуу болбосо, мугалим тарабынан көркөм окулат. Бирок эң акырына чейин окулбайт. Жаңыл менен Түлкү мырзанын гана диалогдорун терип окуйбуз). 1-көшөгө [1,166-167-б.] .

Окуучуларга суроо берилет: Бул окулган үзүндүдөн силер эмнелерди байкадыңар? Жоопторду оозеки же жазуу түрүндө алууга болот. Жазуу түрүндөгү жоопко атайын түстүү барактар таратылат. Жоопторду 1-2 сүйлөм менен гана жазууну өтүнөбүз. Жоопторду окуучулар түстүү барактарга жазгандан кийин доскага илишет. Окутуучу ар бир баракты үн чыгарып окуйт. Ал барактарда Түлкү Жаңылды жактырганын, эмнеге жуучуга оң жооп бербегенин, Жаңыл ачууга алдырбай, сыпайы узаткандыгы, Түлкүнүн Жаңылдын колун сурап келгени менен «ыкмачыл кара бет» атаганы, эмнеге Жаңылды кекетет? Ошондой эле, анын өзүмчүл экенин билдиришет.

Түстүү барактарда, албетте, түрдүү ойлор жазылат: Түлкү эмнеге чын ниетинен Жаңылдын колун сурап жатса: «Ыкмачыл кара беттин торой баштаганын кара» – дейт, демек, ал аны сүйгөн эмес. Же Жаңыл: «Камчыңды сүйрөй келгениңе жол болсун» – дегенине караганда, Түлкү ачууланып келген дешсе, дагы бирлери бул диалогго чейин да, экөө кагылышкан, Жаңылды кордогон сөз уккан деген сымал ойлорун ортого салышат.

Мындай ой жүгүртүү аркылуу окуучуларда сынчыл ойлом менен кабыл алуусу активдешет, окуяга тартылат, талдоого кызыкчылык пайда болот.

Окуя кандайча уланышы мүмкүн? Ар биринин жообун угууга аракет кылуу керек. Жаңыл менен Түлкүнүн ортосунда сүйүү барбы же жокпу? Окулган үзүндүдөн байкай алдыңарбы? Тексттен жактыруу сезимдерин билдирген сүйлөмдөрдү таап далилдегиле. Түстүү барактарга жазгыла. Доскага жооптор илинет же оозеки окуп беришсе да болот. Бардык жооптор угулат.

Тапшырманы аткаруу үчүн окуучулар текстке үңүлүп, каармандардын диалогдорунан жактыруу сезимин билдирген сөздөрдү терип жазышат. Эгер класс ыкчам иштөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болсо, анда, тескерисинче, Жаңыл менен Түлкүнүн бири-бирине сын көз караш менен караган же жактырбай айткан сөздөрүнө да көңүл бөлүүгө тартсак болот.

Эмне үчүн Түлкү өзүнчө сүйлөнгөн жеринде «…Ыкмачыл кара беттин торой баштаганын кара! Жок… Мени оңой менен кылтактай албассың!» – деп айтты? Ар бир суроонун жообун көңүл коюп талкуулайбыз.

Түлкү, Үчүкө, Атакозу, Чабакты жаа менен Жаңыл атып салды. Жаңыл туура кылдыбы? Бул суроого туура кылды, туура эмес кылды жана арсар ойдо калган окуучуларды байкоого болот. Мындай көз караштарды кайра ойлонуп көрүүлөрү үчүн кайчылаш талкуу уюштурсак болот. Мында окуучулардын ар бири өз позициясын билдирет.

Түлкү арамзалык менен «көп күйөөнүн бириндей бара албайм, бул мен үчүн намыс, мен аны олжолоп алып кетем» – деген топко башка топтогулар суроо беришет: Баатырларды өлтүрбөй, башкача жол табууга мүмкүн беле? Жаңылдын бул кылганы канкордукпу? Жаңыл туура кылса, эмнеге Түлкүнүн мүрзөсүнө келип, арманын айтты? Эмнеге Калматайга турмушка чыгып, тынч эле жашап калган жок? Өзүңөр Жаңылдын ордунда болсоңор, элиңерди чаап, мал-мүлкүңөрдү талап кетип жатса, эмне кылат элеңер?

Доскада жазылган эпиграф катары алынган макал да сабакты бекемдөөгө арналат.

«Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» деген макалды Үчүкө Түлкүгө кандай максатта айткан? Белгилүү жыйынтыкка келгенге чейин талкуулайбыз.

Жогорудагы методдор аркылуу сабак өтүүнүн артыкчылыгы окуучулар драманы окууга жана талкуулоого, андан ары окуя кандай улана турганына баамдоого толук даяр болушат. Кээ бир окуучулар балким эпосту, же драманы мурда окушу мүмкүн. Ар бир сүйлөмгө, ар бир диалогго өзгөчө басым коюу менен тапшырма берүүнүн негизинде окуучу дагы бир жолу текстке үңүлүп кароого аргасыз болот. Эгер мугалим эркин иштөөгө жагдай-шарт түзсө, өз оюн сезим-туюмун окуучу чыгармачылык же кыялкечтик менен да баяндашы мүмкүн. Же драмага катуу сын менен чыгышы мүмкүн.

Сабакта бул талкуулоо өткөндөн кийин, кийинки эпизоддорду, окуяларды үн кубултуп көркөм окуу менен улантсак болот. Окуучуларга ар бир ролду тактап берип, окуганга киришүүгө болот.

Андан кийинки көрүнүштөрдү, көшөгөлөрдү тыным аркылуу да окутууга болот. Окуялардын уруунтуу жерлерине чейин окутуп, андан кийин окуучуларга ой жүгүртүүгө арналган суроолорду берип, жооп уккан соң, кайра текстти окуганды улап жүрүп отурабыз. Чыгарма менен толук таанышып бүткөн соң окуучуларга суроо берилет: «Жаңыл Мырза» драмасын окуганда силерде кандай сезимдер пайда болду? Жаңыл мырза менен Түлкү намысты кандайча түшүнүшөт? Эмне үчүн Түлкү өлөөрүндө «… Сүйүүгө жеткирбеди куру намыс» – деп арман кылды? Жогоруда биз талкуулаган эпиграф болуп доскада жазылган:

Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт деген макал менен Түлкү мырзанын акыркы ирет айткан «…Сүйүүгө жеткирбеди куру намыс» – деген сөздөрүнөн кандай жыйынтык чыгарууга болот? «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» – деген макал кимге карата айтылды? – деп сурайбыз.

Окуучулардын пикирлерин кунт коюп угабыз, талкуулайбыз. Болжолдуу түрдө окуучулар бул Түлкү мырзага карата айтылган, анткени ал куру намыс менен Жаңыл мырзанын колун сурап, калың бербей, олжолоп алам деген мактанычтан Жаңыл мырза экөөнүн ортосунда тирешүү пайда болуп, акыры ажалын тапканын айтышат. Дагы бир тарап бул макал Жаңыл мырзага карата айтылды, анткени ал куру намыстын айынан Түлкү мырзаны кечире албай, аны өлтүрдү, бирок ал өзүнүн сүйүүдөн бактысын таба алган жок деген сыяктуу ойлорун айтышат. Бул суроолор чыгарманын бекемделишине шарт түзөт. Мындай ыкмаларды пайдаланып сабак өтүүдө окуучулар кандайдыр бир жыйынтыкка келишет жана чыгарманын таасири менен алдын ала байкоо, баамдоо, баалоо, изилдөө, анализдөө, керек болсо сындоо, өзүн каармандын ордуна коюу сыяктуу, ой жүгүртүүсүн өстүрө алышат. Өз оюн эркин айтууга көнүгүшүп, сүйлөө кебин талдап, таамай, курч сөздөр менен туура сүйлөм кура билүүгө да үйрөнүшөрү маалым. Жыйынтыктардан улам, мындан ары «Жаңыл Мырза» драмасын жалпылоого алабыз. Чыгарманын негизи боюнча концептуалдык карта чиебиз. Анда К.Маликов менен А.Куттубаевдер эпостун негизинде «Жаңыл Мырза» драмасын жазышкан. Чыгармада Ата Мекенин сүйүү, аны душмандардан коргоо, эркиндик үчүн күрөшкөн баатырлар даңазаланган. Жаңыл – эл бактысы үчүн күрөшүп, анын эркиндигин баарынан жогору койгон баатыр кыздын тагдыры баяндалган деген жыйынтыктарга келебиз.

Жаңыл драмасындагы ар бир образды талдоого алуунун жыйынтыгында төмөндөгүдөй окуучулардын пикирлери жыйналган: Жаңылдын образы боюнча: Жаңыл – баатыр кыз, элин-жерин жигиттер коргогону туура болмок. Жаңыл – эли-жерин коргогон баатыр кыз, ал өзүнүн бактысынан, элинин бактысын өйдө койгон. Жаңыл акылдуу кыз болгон, анын сулуулугуна, акылына, баатырдыгына Түлкү мырзанын ырчысы туура баа берген. Жаңыл – намыскөй болгон, ошондуктан, Түлкү баш болгон баатырларды өлтүрүп салды. Кыргыз элинин кыздарынан акылдуу, айлакер, сулуу, уз, баатырлар чыгышкан.

Жаңыл тууралуу: «Журтумдан чырпык кыйдырсам, Жаңыл болбой өлөйүн» – деп, ант берген, ал антын аткарды деген ойлорду айтышат.

Түлкү мырза тууралуу төмөндөгүдөй ой-пикирлерин билдиришет: Түлкү – баатыр, өз элин коргогон, бирок өзүнүн өзүмчүлдүгү менен сүйүүсүнө жеткен жок. Түлкү эки жүздүү адам болгон. Жаңылды жактырарын айтып жатып, кайра аны кекетип, айылын чаап, Жаңылды олжолоп кеткиси келет. Түлкүнүн Жаңылга оюу түз эмес: «...элин чаап, малын талап, Жаңылды жүгүндүрөм» – деген. Түлкү өзүнөн баатыр эч ким жок деген өзүмчүл болгон. Ал мезгилде көпчүлүк жигиттер: «кыздар сайма сайып, үйдө оокат кылышы керек» – деген ойдо болушкан деген сыяктуу жоопторду айтышты.

Ушул эле типте башка катышуучу каармандарга да жалпылоо жүргүзөбүз. Түстүү кагаздан жоогазын гүлүн жасап, «мен сага гүл сунам» деген ыкманы пайдалансак болот, «сабактан сен эмнени түшүндүң?», «сабактан сен эмнени билдиң?» же «сабактан сен эмнеге таасирлендиң?» – деп гүлдү узатабыз, гүл колуна тийген окуучу сабакта эсинде калган, өзгөчө таасирленген түшүнүгү менен ой бөлүшөт. Окуучулар оюн эркин билдиргенге шарт түзүлөт. Бир пикирди кайталабайбыз деген шарт коюу зарыл. Анткени «мен да ушундай

ойлойм» деп, окуучу кутулбашы керек. Окуучулардын баарын уккандан кийин: кимде өзгөчө пикир жаралды? – деп суроо ашыкча болбойт, ар кандай пикирлерди уккан соң, окуучуда дагы өзгөчө ой туулушу мүмкүн.

Текст менен иштөөдөн жана мына ушундай жыйынтыктардан улам, Жаңыл менен Түлкү экөө тең баатыр болгону менен экөөнүн түшүнүктөрү эки башка каармандар экендиги жөнүндө окуучуларда пикир пайда болот.

Драмада чагылдырылган катуу кагылыштар сөзсүз окуучулардын ой-сезимине бүлүк түшүрүп, чыгарманы толук окуп чыгууга мажбур кылат.

Сабактын акырында Жаңылдын образын аткарган актрисага карата театр сынчысынын пикирин, же көрөрмандардын газеталарга жазган сынын окуп берсек болот: «...»Жаңыл Мырза» драмасы турмушта болгон тарыхый чындык. Бирок ал негизинен фольклордошуп калган каарман. Жаңылдын тайманбас баатырдыгы, мергенчилиги, элди сүйгөндүгү, элин душмандан коргогон кол башчылыгы, ар намыстуулугу, чыдамкайлыгы, кыздан чыккан кыраан баатырдыгы гана эмес, ошондой эле Жаңылда сүйүүнүн тунук эмоциясы да күчтүү берилген. Жаңыл өзүнүн сүйүүсүн, оюн, тилегин таба билбеген, баатырларга ачыла берилбеген, акылы терең, турмушка кеңири байкоо жүргүзгөн сынчы, терең психологиялуу кыз. Турмуштагы көп кырдуулук менен курчалып турган Жаңылдын образын түзүү Даркүл Күйүковага адилеттүүлүк менен берилген болуучу. Даркүл Күйүковадан бул сыяктуу образдардын реалисттик менен иштелип жетилип чыгышы гана күтүлгөн. Чынында эле Жаңылдын образын татыктуу түзүү менен ал кыргыз актрисаларынын арасынан чыгармачылык даңкка ээ болду...» – деп, Көпбай Күмүшалиев белгилеген [2, 122-123-бб.].

«Жаңыл Мырза» драмасында Жаңылдын образын алгачкы жолу Даркүл Күйүкова аткарган. Ал эми Жаркындын образын Бакен Кыдыкеева аткаргандыктары тууралуу маалыматтарды айта кетүү ашыкча болбойт. Кийинчерээк Жаңылдын образын Н.Мамбетова, Түлкүнүн ролун Д.Байтөбөтөв аткарышкан, өз көрүүчүлөрүнө баатырдык менен намыскөйлүктү, чечкиндүүлүктү кылдат чеберчилик менен тартуулашкан. Мугалим К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынан кыскача айтып беришине да жол берсек болот. Же болбосо, сюжеттик айырмасын салыштырмалуу айтып берсе да окуучуларга кызыктуу маалымат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. **Алымов Б.А.** Кыргыз адабияты. 9-класстар үчүн окуу китеби [Текст] / экинчи басылышы / Б.А.Алымов. – Б.: Педагогика, 2002. – 435 б.
2. **Күмүшалиев К**. Алар баштоочулар болушкан [Текст] / К.Күмүшалиев. – Ф.: «Кыргызстан», 1979, – 235 б.
3. **Кыдырбаева Р.З.** Народно-поэтические традиции в эпосе «Жаңыл Мырза» [Текст] / Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: АН. Кирг. 1960. – 126 с.
4. Кыргыз драматургиясынын абалы жана өнүгүү жолдору.// «Ала-Тоо» журналы. – Ф., 1964. – №3. – 99-110-бб.

**Рецензент: д.и.н., проф. Алымкулова С.К.**